| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ХАН - ТЕНИРИ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**ХАН-ТЕНИРИ** |

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 15-сессиясы

# ТОКТОМ

**2026-жыл 2-март** № 8 **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагындагы Ичке-Жергез жана Ново-Вознесеновка айылдарына электр мамычаларын куруугa жана көмөкчү чордонун орнотууга уруксат берүү жөнүндө

Ананьево жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан Жергез суусуна курулуп жаткан чакан Гидроэлектр станциясынын электр энергиясын Ново-Вознесеновка айылындагы подстанцияга алып келүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын орунбасары А.Адыгуловдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "мамлекеттик жергиликтүү администрациясы жана жергиликтүү башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамынын 27-беренесинин, Кыргыз Республикасынын "мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", "жергиликтүү кенештердин депутаттарынын статусу жөнүндөгү" мыйзамына негиздеп, жергиликтүү кенеш **токтом кылат:**

1. Хан-Теңири айыл аймагына караштуу Жергез суусуна курулуп жаткан кичи гэстин электр энергиясын Ичке-Жергез айылынан Ново-Вознесеновка айылына тартып келүү үчүн электр мамычаларын орнотууга жана көмөкчү чордонун орнотууга уруксат берилсин.
2. Бардык электр мамычалары орнотулган 187 кв.м. жер тилкесине жана көмөкчү станциясы орнотула турган 65 кв.м. жер тилкесинин ижара акысын айыл өкмөтүнүн бюджетине жыл сайын төлөп туруу Ананьево жоопкерчилиги чектелген ишканасына милдеттендирилсин.
3. Чакан гидроэлектростанциясынын электр энергиясын тартып келүү үчүн электр мамычаларын орнотууга жана ижарага акысын төлөтүүгө байланышкан иштерди жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
4. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
5. Токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш,

архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана бюджет, финансы жана экономика, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**